2021

№ 17-Р/21 04.05.2021

Ош мамлекеттик университетинин «Коом жана билим берүү» пилоттук долбо-ору

КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин
«____»_____2021-ж №___ буйругу менен бекитилген

MAIL@OSHSU.KG | Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Ленин көч., 331

Мазмуну

КЕЛЕЧЕКТИ ПЛАНДОО 3
ПЛАНДОО ПРОЦЕССИ 4
МИССИЯ 5
БААЛУУЛУКТАР 5
САРЕСЕП 6
ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ 6
МУЛЬТИКАМПУС 7
ИНТЕГРАЦИЯЛЫК СТРАТЕГИЯСЫ 7
ПОЗИЦИЯЛЫК ТАЛДОО 12
ЖОЛ КАРТАСЫ 15
ЖЕТИШКЕНДИКТЕР 28
ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР 34

КЕЛЕЧЕКТИ ПЛАНДОО

Урматтуу студенттер, кесиптештер жана өнөктөштөр, COVID-19 пандемиясы учурунда көрсөткөн сабырдуулугуңар, чыдамкайлыгыңар жана биз менен бирге болгонуңуздар үчүн ыраазычылык билдирип коюуга уруксат этиңиздер. Келечектеги окуялардын белгисиз экенин эске алсак, университеттин чечкиндүү түрдө алдыга койгон башкы максаты – жаштарга билим берүү гана эмес, аларды алысты көрө билүүгө, келечектеги жолду тандоого жол салуу.

«Коом жана билим берүү» 2021-2022 пилоттук долбоору кризистен кийин университеттин потенциалын комплекстүү өнүктүрүү боюнча «жол карта» болуп саналат. Университеттин алдында пандемиядан улам келип чыккан милдеттер турат, аны ийгиликтүү ишке ашыруу дүйнөнүн алдыңкы илимий изилдөө университеттеринин глобалдык коомчулугуна минималдуу зыян менен интеграция болуп, Университеттердин ТОП-829 эл аралык рейтингине кирүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Университет экинчи муундагы Университеттен үчүнчү муундагы Университетке айлануу аракетин жасайт, муну менен Төртүнчү өнөр-жай революциясына өбөлгө түзүлүшү үчүн дисциплиналар аралык жолду камсыздайт.

Эгерде биз билим берүү менен катар эле келечекке болгон көз карашты өркүндөтүүнү кааласак, анда университеттин кризистен кийин алдына койгон артыкчылыктуу багыты коомчулуктун талабына ылайык, билимге, кесипкөй адистерди даярдоого, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жана ишкерликке инвестиция салуу болуп саналат.

Ош мамлекеттик университети жергиликтүү коомго жакшы таасир берүү менен бирге, каалоочулардын баарына билим берүү жеткиликтүү болушу керек деген саясатты карманат жана кампустардын деңгээлинде иш алып барып, изилдөөлөрдү жүргүзүү жана билим берүү боюнча ар кандай эл аралык программаларга басым жасап, башка университеттер менен иш алып барат.

Университеттин концепциясын мындан ары ишке ашыруу жана үзүрлүү эмгектенүү менен азыркы оор кырдаалдан чыгып кетерибизге көзүм жетет деп ишенимдүү айта алам.

Урматтоо менен,
Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич
Ош мамлекеттик университетинин ректору

ПЛАНДОО ПРОЦЕССИ

2021-2022-жылдарга карата «Коом жана билим берүү» (мындан ары – стратегиялык план) пилоттук долбоорун ишке ашыруу процесси буга чейинки пландардын багытына окшош, аны менен катар эле жаңы стратегияларды камтып, кризистен кийинки көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган.

Сапат системасынын негизги элементи ар кандай улуттук жана эл аралык баа берүү агенттиктери тарабынан колдонулган негизги параметрлерди жана көрсөткүчтөрдү колдонуу менен жүргүзүлгөн кылдат анализге негизделген стратегиялык пландоодон турат. Стратегиялык пландоо боюнча азыркы адабияттарга жана башка университеттер тарабынан ишке ашырылган аналогдук процесстерге ылайык, университет мамлекеттик университетти башкаруу жана пландоо принциптерине туура келген стратегиялык жол картасын иштеп чыкты.

Стратегиялык пландаштыруу процесси биздин стратегиялык максаттарга жетүүгө жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана ИСО 9000:2015 стандарттарына ылайык, ар бир багыт боюнча уюштуруу натыйжалуулугун пландаштырган иш-чараларды аныктоого мүмкүнчүлүк берди.

Стратегиялык пландаштырууну аныктоо процесси төмөнкүдөй этаптарды камтыган:

- ✓ Миссия, баалуулуктар, көз караш;
- ✓ Позициялык анализ;
- ✓ Негизги жана стратегиялык максаттарды аныктоо;
- ✓ Стратегияны жана иш-аракеттерди аныктоо;
- ✓ БУУнун туруктуу өнүгүү тармагында 17 максат менен байланыш
- ✓ Эффективдүүлүктүн сандык көрсөткүчтөрүн аныктоо;

Стратегиялык жол картасын жалпы макулдашуу.

МИССИЯ

ОшМУ илимий изилдөөлөрдүн жана эмгек рыногунун талаптарынын негизинде эл аралык стандарттарга ылайык сапаттуу жана жеткиликтүү билим берет. Университет өзүнүн коомунун мүчөлөрүнүн интеллектуалдык, маданий жана жеке өнүгүүсүн камсыз кылып, улуттук баалуулуктарды сактоого жана өркүндөтүүгө көмөктөшөт.

БААЛУУЛУКТАР

Стратегиялык планды ишке ашыруу Конституцияда, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамында жана Университеттин Уставында жазылган баалуулуктарга негизделет. Жана бүтүндөй коом үчүн негизги баалуулуктардын булагы болуп саналат:

Адамдык ресурстар	Креативдүүлүк	Инновация	Инфраструктура	Сапат	Туруктуу өнүгүү

САРЕСЕП

Ош мамлекеттик университети кризистен кийинки мезгилде билим берүү мейкиндигинин лидери болуп, жамааттын мүчөлөрүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатуу үчүн жеткиликтүү окутуу программаларын сунуштоо менен аймактын технологиялык жана экономикалык өнүгүүсүнө оң салымын кошот. Университет эл аралык илимий коомчулуктун катышуусунда изилдөө иштерин жүргүзүү жана билим берүү, илим жаатындагы мыкты дүйнөлүк стандарттарды колдонуу үчүн көп маданияттуу жана эл аралык мейкиндикке айланат. Университет коомдун муктаждыктарын кандыруу үчүн жогорку технологиялуу өнүмдү өндүрүү боюнча өндүрүштүк циклди киргизген борбор болот.

Кризистен кийинки мезгил үчүн университет төмөнкүдөй стратегияларды аныктады:

1. Туруктуу өнүгүү стратегиясы;
2. Мультикампус интеграциялык стратегиясы.

ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ

Университет стратегиялык планын БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 2015-жылдын 25-сентябрында кабыл алынган 2030-жылга чейинки Күн тартибинде жазылган жана 2019-2024-жылдарга карата Концепциясында белгиленген Туруктуу өнүктүрүү максаттары менен байланыштырууну чечти.

2030-жылга чейин туруктуу өнүктүрүү максаттары ар бир уюмдун жана өлкөнүн жетишкендиктерин тең салмактуу өлчөөнүн негиздерин камсыз кылат.

Стратегиялык пландын негизги максаты туруктуу өнүгүүнүн бир нече максаттарына ылайык келет, алар кризистен кийинки мезгилде абдан маанилүү.

2021-2022-жылдардагы кризистен кийинки мезгилге карата университеттин туруктуу өнүгүү стратегиясына БУУнун сегиз максаты киргизилген:

Кыргызстандын начар өнүккөн региондору үчүн медициналык кадрларды тандоо, өнүктүрүү, окутуу аркылуу саламаттыкты сактоого колдоо көрсөтүүнү бир кыйла жогорулатуу.

2022-жылга карата бардык аялдар менен эркектер үчүн арзан жана сапаттуу кесиптик-техникалык жана жогорку билимдин, анын ичинде университеттик билимдин жеткиликтүү болуусуна мүмкүнчүлүк түзүүнү камсыз кылуу.

Саясий, экономикалык жана коомдук жашоодо кабыл алынган чечимдерге аялдардын катышуусун бардык жактан камсыз кылуу жана алардын лидер болуусуна бирдей

Өндүрүштүк ишмердүүлүктү, иш орундарын түзүүнү, ишкердикти, чыгармачылыкты жана инновацияларды өнүктүрүүгө багытталган саясатты илгерилетүү, ошондой

мүмкүнчүлүк түзүп берүү. Аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн таасири күчтүү технологияларды, тактап айтканда, маалыматтык-коммуникациялык технологияларды активдүү колдонуу.

Бардык жакты камтыган жана туруктуу индустриалаштырууга көмөктөшүп, 2022-жылга карата улуттук шарттарга ылайык, өнөр-жай тармагында иш менен камсыздоо деңгээлин жогорулатып жана ички дүң өнүмдөгү өнөр-жай өндүрүшүнүн үлүшүн көбөйтүп, тийиштүү көрсөткүчтөрдү эки эсе жогорулатуу.

Улуттук жана аймактык өнүгүүнү пландаштыруунун сапатын жогорулатуу аркылуу шаарлардын, шаардын чет-жакасынын жана айыл аймактарынын ортосундагы экономикалык, социалдык жана экологиялык байланыштарды камсыз кылуу.

эле микро, чакан жана орто ишканаларга финансылык кызматтарды жеткиликтүү кылуу менен өнүктүрүү.

2022-жылга карата адамдардын жашына, жынысына, майыптыгына, расасына, улутуна, тегине, динине жана экономикалык же башка абалына карабастан, коомдук, экономикалык жана саясий турмушка жигердүү катышуусун колдоо.

Коррупциянын жана паракорчулуктун бардык түрлөрүнүн масштабын азайтуу. Эффективдүү, ачык-айкын жана отчет берип туруучу мекемелерди түзүү. Коомдун бардык тармактарын камтыган бардык деңгээлдеги өкүлчүлүктүү органдар тарабынан жоопкерчиликтүү чечим кабыл алууну камсыз кылуу.

БУУнун башка сегиз максаты 2023-2025-жылдарга карата жаңы стратегиялык планга киргизилет.

МУЛЬТИКАМПУС ИНТЕГРАЦИЯЛЫК СТРАТЕГИЯСЫ

Ар бир кампустун институттук, маданий жана спорттук иш-чараларга жана ассоциацияларга арналган өзүнүн имараттары жана кызматтары бар күчтүү илимий жана билим берүүчү өзгөчөлүктөрү бар.

Студенттердин кызыкчылыгына жараша ар бир кампус өзүнүн окутуу жана изилдөө иштерин колдоо үчүн кызматтарды жана демилгелерди координациялайт. Аймактардын маданий, экономикалык, индустриалдык жана социалдык жактан өнүгүүсү үчүн жергиликтүү органдар, ассоциациялар жана жеке жактар менен тыгыз мамиле түзүлөт.

Мультикампустун бардык мүчөлөрү практика жүзүндө өздөрүнүн потенциалын жогорулата алышат. Кризистен кийинки мезгилде университет мультикампус принцибин киргизип, туруктуу өнүгүү үчүн аларды жайгашкан жери боюнча тутумдаштырат, ошондой эле өндүрүш циклин жөнгө салат.

МУЛЬТИКАМПУС | СУЛАЙМАН ТОО

«Сулайман-Тоо» кампусу Кыргыз Республикасынын түштүгүндөгү Ош шаарында, 2009-жылдын 29-июнунда Дүйнөлүк мурастардын катарына кирген ыйык «Сулайман-Тоо» тоосунун этегинде жайгашкан.

«Сулайман-Тоо» кампусунун түзүмүнө Башкы корпус, дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети, математика жана маалыматтык технологиялар факультети, физика-техникалык факультет, илимий китепкана, студенттер үчүн турак-жай комплекси жана медициналык пункт кирет. Кризистен кийинки мезгилде индустриалдык-педагогикалык колледж жана «STEM» инновациялык колледжи ишке кирет. Кампустун ыңгайлуу жайгашуусу санарип технологияларды колдонуу менен жаңы борбордук китепкананы түзүүгө шарт түзөт. Кампустун өндүрүш-өнөр-жай циклин өнүктүрүү үчүн университет 2022-жылга чейин “Жогорку технологиялар паркы” деп аталган компанияны ишке киргизгени турат. Ал өндүрүш жана жогорку технологиялык өнүмдөрдү иштеп чыгуу, кызмат көрсөтүү боюнча лидер болуп, ошондой эле кампустагы академиялык чынчылдыкты жана эркиндикти камсыз кылуу үчүн студенттер, магистранттар, аспиранттар, илимий ишкерлер үчүн илимий-изилдөөчү борбор болушу керек. Коомдук фонд түрүндөгү эки бейөкмөт уюмдар түзүлөт, алар ОшМУнун стипендиялык программасын жана “Изилдөөлөр жана инновациялар” деп аталган программаны ишке ашырышат. ОшМУга бөлүнгөн депозиттик эсепке салынган каражаттар каржылоо булагы болот. Пайыздан түшкөн кирешелер изилдөө иштери менен алек болгондорго дем берүү үчүн стипендия катары берилет.

СТУДЕНТТЕРДИ ДАЯРДОО БАГЫТТАРЫ

- ФИЗИКА-МАТЕМАТИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ
- МААЛЫМАТТЫК СИСТЕМА-ЛАР ЖАНА ТЕХНОЛОГИЧЛАР
- ЭЛЕКТРОЭНЕРГЕТИКА ЖАНА ЭЛЕКТРОТЕХНИКА
- АГРАРДЫК ИЛИМДЕР
- КОНСТРУРЛОО, МОДЕЛДӨӨ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАР
- АМЕРИКА ТААНУУ
- ЕВРОПАНЫ ТААНУУ
- ТУРИЗМ
- ФИЛОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ
- ЛИНГВИСТИКА
- ЧЕТ ТИЛ
- КОТОРМОЧУЛУК
- МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ
- МУГАЛИМ

МУЛЬТИКАМПУС КУРМАНЖАН ДАТКА

«Курманжан Датка» кампусу кыргыздын белгилүү мамлекеттик ишмери, 1982-1976-жылдары Алайдын ханышасы болгон Курманжан Датканын ысымынан аталмакчы, ал Ош шаарынын түштүк-чыгыш тарабында кооз жаратылышка бөлөнгөн Ак-Буура дарыясынын жээгинде жайгашат.

СТУДЕНТТЕРДИ ДАЯРДОО БАГЫТТАРЫ

- ТАБИЯТ ТААНУУ БИЛИМ БЕРҮҮ
- АЙЫЛ-ЧАРБА
- ТУРИЗМ
- ГЕОДЕЗИЯ
- ТЕОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ
- МЕДИЦИНАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ
- ОРТО ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ
- ОРТО БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ

«Курманжан Датка» кампусунун түзүмүнө “Зирек” баштапкы билим берүү комплекси, “Ыйман” гимназиясы, Теологиялык колледж, Медициналык колледж, Табият таануу жана география факультети, Эл аралык медициналык факультет, Теология факультети жана студенттер үчүн турак-жай комплекси кирет. 2022-жылга чейин кампуста «Билим» лицейиинин жана «Ыйман» гимназиясынын жаңы инфраструктуралык мекемелери курулат. Медициналык кадрларды даярдоого, медицина тармагында илимий-изилдөө иштерди жүргүзүүгө, Кыргызстандын жарандарына сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүүгө багытталган клиникалык база ишке кирет. Студенттердин жана курчап турган чөйрөнү пайдалануу жаатында билим берген илимий-педагогикалык кызматкерлердин изилдөө иштери үчүн зарыл шарттарды камсыз кылуу максатында агрономиянын технологияларына ылайык бакча жана сейил бак чарбасы жаңыланат. Китепкана, кинотеатр жана спорт комплексинин курулушу да пландалган.

МУЛЬТИКАМПУС | КЕЛЕЧЕК

«Келечек» кампусу Ош шаарынын так ортосунда орун алган, белгилүү акын Алишер Навои атындагы сейил бакка жакын жайгашкан.

«Келечек» кампусу 2017-жылы түзүлгөн, искусство факультетинин, эл аралык мамилелер факультетинин, «Конфуций» кыргыз-кытай факультетинин студенттери үчүн билим берүүчү комплекс. Ошондой эле бул жерде мугалимдерди кайра даярдоочу Институт жана Жогорку окуу жайга чейин даярдоо борбору жайгашкан.

СТУДЕНТТЕРДИ ДАЯРДОО БАГЫТТАРЫ

- КӨРКӨМ БИЛИМ БЕРҮҮ
- МУЗЫКА ИСКУССТВОСУ ЭСТРАДА
- ДИЗАЙН
- ЖЕҢИЛ ӨНӨР ЖАЙ
- КЫТАЙ ТААНУУ
- ЛИНГВИСТИКА
- САЯСАТ ТААНУУ
- ДИПЛОМАТИЯ
- АЙМАК ТААНУУ

Университет каржылык туруктуулуктун жаңы булактарын калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү маселелерин чечүүнү көздөйт, бул үчүн кризистен кийинки мезгилде «Келечек» кампусунда ар кандай өндүрүштүк комплекстер уюштурулат. Жеңил өнөр-жайдын илимий-изилдөө жана өндүрүштүк комплексинде кийинчерээк жергиликтүү рынокко сатуу үчүн кийимдерди өндүрүү жолго коюлат. Театр, көркөм өнөр, дизайн, жарнама, үн жазуу жана видео монтаж илимий-маданий өндүрүш комплексинде заманбап дизайнердик студиялар, майрамдык иш-чаралар үчүн концерттик залдар, дизайнердик кийимдерди жана көркөм сүрөт эмгектерин көрсөтүүчү залдар, үн жаздыруучу жана видео монтаждоочу студиялар уюштурулат. Заманбап графикалык компьютердик программаларды колдонуу менен акы төлөнүүчү негизде ар кандай долбоорлорду иштеп чыгууга буйрутмаларды аткаруу максатында Архитектура жана курулуш боюнча илимий-долбоор борбору ачылат. Бул кампуста уюштурулган өндүрүш циклдары студенттердин жана мугалимдердин чыгармачыл өнүгүүсүнө, алардын ишкердик жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

МУЛЬТИКАМПУС | АПСАМАТ МАСАЛИЕВ

«Апсамат Масалиев» кампусу Ош шаарынын Апсамат Масалиев атындагы борбордук көчөсүндө жайгашкан. Кыргыз Республикасынын белгилүү мамлекеттик жана коомдук ишмеринин атынан коюлган.

Кампустун ичине II Дүйнөлүк Согуш мезгилинде Россиядан эвакуацияланган Ростов университетинин базасында түзүлгөн эски комплекс жана Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилинде түзүлгөн жаңы инфраструктуралар кирет. Кампуста төмөнкүдөй факультеттер болот:

1. Кыргыз филология жана журналистика факультети;
2. Орус филологии факультети;
3. Кыргыз-Түрк факультети;
4. Педагогика, психология жана дене-тарбия факультети;
5. Чыгыш таануу жана тарых факультети;
6. Юридикалык факультет;
7. Бизнес жана менеджмент факультети;
8. Финансы-юридикалык колледж;
9. Спорт комплекс;
10. Студенттер үчүн турак-жай комплекси.

СТУДЕНТТЕРДИ ДАЯРДОО БАГЫТТАРЫ

- ФИЛОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ
- ЛИНГВИСТИКА
- ПЕДАГОГИКА
- СПОРТТУК БИЛИМ БЕРҮҮ
- ПСИХОЛОГИЯ
- ТАРЫХ ЖАНА ЧЫГЫШ ТААНУУ
- УКУК
- ЭКОНОМИКА
- МЕНЕДЖМЕНТ
- ТУРИЗМ
- КООМЧУЛУК МЕНЕН БАЙЛАНЫШУУ ЖАНА ЖУРНАЛИСТИКА
- КИНОПРОДАКШН
- МААЛЫМАТТЫК ТУТУМДАР ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАР

Ошондой эле бул кампуста М.В.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин филилалы курулат. Бул филилалда билим берүү Москва мамлекеттик университетинин стандарттарына ылайык жүрөт. Ош мамлекеттик университетинде Москва мамлекеттик университетинин илимий-изилдөө тажрыйбасын колдонууга мүмкүнчүлүк жаралат.

Эл аралык программалар жана билим берүү колледжи ачылат. Бул колледж эл аралык программалар жаатында квалификациялуу кадрларды даярдоодо эң жаңы ыкманы калыптандырууну көздөйт.

Демократия саясатын өнүктүрүү жана кызматкерлердин, студенттердин жана жарандардын укуктарын коргоо максатында коомдук фонд түрүндө “Укук жана демократия борбору” коммерциялык эмес уюму түзүлөт. Ал Юридикалык факультетке укук жана социалдык иш тармагында квалификациялуу кадрларды даярдоодого мүмкүнчүлүк берет.

ПОЗИЦИЯЛЫК ТАЛДОО

Биздин позициялык анализ - бул бүтүндөй стратегиялык пландаштыруу процессиндеги биринчи кадам. Бул пандемиянын кесепеттеринин реалдуулугун жана кризистен кийинки мезгилдин натыйжаларын оптималдаштыруу үчүн ресурстарды жакшыраак түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Ошондой эле университеттин тышкы милдеттеринин жана ички чектөөлөрүнүн мүнөздөрүн аныктоо үчүн маанилүү. Жана планды ишке ашыруудагы иш-аракеттерди тактоого мүмкүнчүлүк берет.

КҮЧТҮҮ ТАРАПТАР

80 жылдык тарых жана бай маданий мурас
Улуттук жана эл аралык аброй
Билим берүүнүн бардык тармактарындагы жогорку сапат
Студенттердин мобилдүүлүгү
Шаарлар жана айылдардын

АЛСЫЗ ТАРАПТАР

Эл аралык стандарттар менен салыштырмалуу кызматтар
Изилдөөчүлүк инфраструктура
Чет элдик мугалимдерди жана административдик-техникалык кызматкерлерди тартуудагы көйгөйлөр
Бүтүрүүчүлөр
Кооперативдик башкаруу жана КРнын мыйзамдарын аткарбоо



МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР

Европага, Америкага, Азияга багыт алуу
Ачык илим
Санарип трансформация
Евразиялык экономикалык биримдикте
өнөктөштүктү өнүктүрүү
IT хаб

ТОБОКЕЛДИКТЕР

Улуттук университеттик системада каражаттын тартыштыгы
Белгисиз эл аралык сереп
Ири басмаканалардын олигополиясы
Сызыктуу экономикадагы кризис жана теңсиздик, эмгек тармагындагы тез трансформация, кызмат көрсөтүүдөгү кирешенин аздыгы

S КҮЧТҮҮ ТАРАПТАР

- 80 жылдык салт жана бай маданий мурас университеттин ар дайым оригиналдуу жана жаңычыл мүнөзүн эркин жана көз карандысыз изилдөөгө өбөлгө түзөт.
- Биздин улуттук жана эл аралык аброй Ошту академиялык дүйнөгө тааныта алды.
- Биздин билим берүүнүн жана изилдөөлөрдүн жогорку сапатын алдыңкы баа берүүчү агенттиктер тааныйт.
- Биздин университеттин эл аралык ишинин натыйжасында студенттик алмашуу тажрыйбасы боюнча биздин университет Азия университеттеринин арасында алдыңкылардан болуп келет.
- Биз иштеген шаарлардагы жана айылдардагы тыгыз интеграция бизге аймакта жашаган бардык адамдар менен тыгыз байланыш түзүүгө, инновация жана максаттарыбыз менен бөлүшүүгө мыкты шарт түздү.

W АЛСЫЗ ТАРАПТАР

- Студенттерди тейлөө деңгээли азырынча эң жогорку эл аралык стандарттарга жооп бербейт. Натыйжалуу академиялык саясат жок.
- Өзгөчө айрым райондордогу тарыхый мекемелерди технологиялык жана коопсуздук талаптарына ылайык келтирүүдө кыйынчылыктар жаралууда.
- Чет элдик мугалимдерди жана административдик-техникалык кызматкерлерди тартуудагы көйгөйлөр биздин билим берүү жана изилдөө чөйрөбүздүн көп улуттуу болуусунда кыйынчылыктарды жаратууда.
- Бүтүрүүчүлөрдүн жигердүү жана макулдашылган ассоциациясынын жоктугу бүтүрүүчүлөр желесиндеги инновациялык потенциалды эффективдүү колдонууга мүмкүнчүлүк бербей жатат.
- Өкмөттүн штаттык бирдикке болгон талаптарын аткарбоо, бюрократиялык татаал түзүм, каржылык менеджмент саясатынын жоктугу, педагогикалык ишмердүүлүктүн бир калыпта уюштурулбагандыгы өтө чоң көйгөйлөрдү жаратып, бизнес-процесстерди жакшыртууга, корпоративдик башкарууну, туруктуулукту камсыз кылууга тоскоолдук жаратып келет.

O МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР

- Кризистен кийинки каржылоо программасы университетке кызматташуунун жаңы моделин киргизүүгө, илимий иштерди жүргүзүүгө жана эл аралык мобилдүүлүккө мүмкүнчүлүк берет.
- Ачык илимий тажрыйбаларды жайылтуу маалыматтардын жайылышына шарт түзүп, изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүнө шык берет.
- Санарип технологиялардын өнүгүүсү башкаруучулук процесстерди өзгөртүүгө жол ачып, кыйынчылыктарды (бюрократияны) азайтып, эффективдүүлүктү жогорулатып, каржылык туруктуулукту камсыз кылат.
- ЕАЭБди өнүктүрүү максатында тыгыз кызматташуу өлкөнүн социалдык-экономикалык жактан өсүүсүнө өбөлгө болот.
- Ошто ИТ-хаб түзүү эл аралык тармактык иш-аракеттерге жана инновациялык долбоорлорду тартууга мүмкүнчүлүк берет.

T КОРКУНУЧТАР

- Университеттин жетишсиз каржылануусу окутуучуларыбыздын жана административдик-техникалык кызматкерлерибиздин айлык акыларынын көбөйүшү орто мөөнөттүү мезгилде жана кризистен кийинки мезгилде университеттин каржылык туруктуулугунда олуттуу көйгөйлөрдү жаратууда
- «COVID-19» пандемиясынын натыйжасы, улутчулдук деңгээли жана автономдуу болуудагы чектөөлөр эл аралык илимий системаны жана академиялык кызматташтыкты солгундатат.
- Илимий коммуникацияда толугу менен ачык системага өтүүдө эл аралык академиялык басмаканаларда, өзгөчө STEM (Илим, технологиялар, инженерия жана математика) тармагындагы азыркы олиголопия каржылык чыгымдар боюнча көйгөйдү, документтин жеткиликтүүлүгүндө көйгөйдү жаратышы мүмкүн, ошондой эле өндүрүш жайлап, сапаттуу билим менен алмашууда дагы маселе чыгат.
- Теңсиздиктин өсүшү жана сызыктуу экономиканын кризиси, университетти альтернативдүү маданият парадигмалардын үстүнөн иштеп, социалдык, экологиялык жана экономикалык туруктуулукту өзүнүн өнүгүү моделине жаңы көнүл буруга мажбур болот.

ЖОЛ КАРТАСЫ

ЖОЛ КАРТАСЫ

ОБЪЕКТТЕР

ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮ Н САПАТЫ

О.1. Негизги маселелерди чечүү үчүн таза жана прикладдык изилдөөлөрдү колдоо:

- Илимий кадрларды даярдоо (илимдер кандидаттары жана PhD)
- Кызмат үчүн сый акы
- Эмгектин сапаты жана натыйжалуулугу
- Инфраструктура

ДОЛБООРДУК ИШ

О.2. Улуттук жана эл аралык контекстте илимий долбоорлордун ишин колдоо:

- Каражат тартуу
- Стратегиялык долбоордук иш
- Ачык илимий чөйрө

САПАТТУУ БИЛИМ БЕРҮҮ

О.3. Адамдардын жана коомдун талабын эске алуу менен программалардын сапатына көңүл буруп, инновацияны киргизүү:

- Жумуш менен камсыз кылуу
- Студенттин заманбап карьералык өсүшү
- Жаңы ыкмаларды киргизүү
- Билим берүү процессинин илим менен айкалыштыруу

КЫЗЫКТЫРУУ

О.4. Окуу чөйрөсүнө эл аралык аспекттерди киргизүү:

- Таланттуу студенттерди тартуу
- Чет элдик студенттерди тартуу
- Дипломдук программалардын эл аралык каталогу
- Өнөктөштүк боюнча эл аралык макулдашуулар

СТУДЕНТТЕР

О.5. Жогорку билимдин жеткиликтүүлүгүнө болгон укук саясатын колдоо жана студенттерге кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу:

- Студенттик кызматтар
- Жогорку билим алууга укук
- Жетекчилик
- Катышуу

ИННОВАЦИЯ

О.6. Технологияларды жана билимди ко-омдун социалдык-экономикалык түзүлүшүнүн пайдасына колдонуу:

- Ишкердик жана бизнес менен мамиле
- Үзгүлтүксүз билим берүү
- Өнөктөштүктү өнүктүрүү

ЖАЙЫЛТУУ

О.7. Илимий жана маданий иш-чараларды жайылтуу:

- Музейлер менен байланыш жана маданиятты көтөрүү
- Биргелешип билимди жайылтуу
- Бүтүрүүчүлөр жана коомчулук менен байланышта болуу

ТУРУКТУУЛУК

О.8. Социалдык, каржылык жана экологиялык туруктуулукту жогорулатууга багытталган демилгелерди колдоо:

- Каржылык менеджмент
- Студенттерге каржылык жардам
- Академиялык жана жалпы коомчулук
- Университеттин инфраструктурасы
-

ЖОЛ КАРТА

ИШ ЧАРАЛАР

САБАК ӨТҮҮ

ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖАНА ИННОВАЦИЯ

СОЦИАЛДЫК КАТЫШ

СТУДЕНТТИК КООМ

САНАРИПТИК ТРАНСФОРМАЦИЯ



ОШМУДА ИШТӨӨ

КУРУЛУШ

ЖАҢЫ ПЕДАГОГИКА-ЛЫК ЖАНА ИЗИЛДӨӨ ДЕМИЛГЕ-ЛЕРИ

ИШКЕРЛИК

ТУРУКТУУЛУКТУ КАМСЫЗ КЫЛУУ

БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР

ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК

ЖОЛ КАРТАСЫ

ДИСЦИПЛИНАЛАР АРАЛЫК ТАРМАКТАР

Жогоруда айтылган иш-чаралар университетке дисциплинардык карым-катышты колдонууга мүмкүнчүлүк берет жана илимий-техникалык көйгөйлөрдү комплекстүү чечүүнү камсыз кылган, усулдар жана технологиялар ыкмаларына, тармактык дисциплиналар аралык белгилүү бир байланыштарга негизденген, илимий билимди уюштуруунун формасы катары каралат.

Кризистен кийинки мезгилде университет төмөнкү тармактардын ортосунда дисциплиналар аралык мамилени иштеп чыгууга аракет кылат:

Төртүнчү өнөр-жай революциясы

Туруктуулук жана циклдик экономика

Ден-соолук жана саламаттык

Санарип мезгилдеги искусство жана гуманитардык илим

Айыл-чарба жана азык-түлүк

Маданияттар аралык интеграция жана социалдык камсыздоо

Көлөмдүү маалыматтар

Климаттын өзгөрүүсү

Университетте кризистен кийинки мезгилде профессордук-окутуучулук курамдын кесиптик компетенциясын калыптадыруу дисциплиналар аралык билим берүү программалары менен камсыздалышы керек. Учурда университет кесиптик билимдин конкреттүү чөйрөлөрүндө киберфизикалык системаларды иштеп чыгуунун жана өндүрүшкө киргизүүнүн стратегиялык маанилүү багыттарынын алкагында натыйжалуу иш алып баруу үчүн компетенттүү болбогон бир багыттагы эле адистерди даярдайт. Кризистен кийинки мезгилдин социалдык-экономикалык шарттарында билим берүүдө аналитикалык жана өндүрүштүк иш-аракеттердин эффективдүү ыкмасына ээ болгон, чыгармачыл ой жүгүрткөн, универсалдуу (гибриддик) адистерди даярдоо милдети турат. Буга байланыштуу кесиптик билим берүү тутумун өнүктүрүүнүн келечектүү багыты - бул дисциплиналар аралык билим берүү программаларын кеңейтүү. Дисциплиналар аралык билим берүү ыкмасы университеттин экономикалык жана

каржылык жактан туруктуу болушун камсыз кылат. Ошондой эле университеттин инвестициялык саясатын иштеп чыгууда негиз болот. Ал циклдик экономиканын өнөр-жай комплекстерин уюштурууну жана COVID-19 сыяктуу учурларда Коргоочу инвестициялык фондду түзүүнү камсыз кылат.

ЖОЛ КАРТАСЫ

ИШКЕ АШЫРУУ ТАКТИКАСЫ ЖАНА КӨРСӨТКҮЧТӨР (ИНДИ-КАТОРЛОР)

0.1 ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН САПАТЫ

0.1. Негизги маселелерди чечүү үчүн таза жана прикладдык изилдөөлөрдү колдоо:

Объекттер	Иш-чаралар
0.1.1. Эл аралык контекстте PhD программаларын квалификациялоо жана илгерилетүү. Саясатка көзөмөл: илимий иштер боюнча проректор	Изилдөөлөр жана инновация: 1. PhD философиясынын докторун жана башка илимий даражаларды даярдоонун ролун күчөтүү Жаңы педагогикалык жана изилдөө демилгелери Эл аралык кызматташтык:

ИНДИКАТОРЛОР	2020	2022
R.01 –PhD программасынын студенттери жана башка кыргыз жана чет элдик университеттердин диплому бар аспиранттары	маалымат жок	30%
R.02 - PhD программасына жана аспирантурага биринчи жылда тапшыргандардын саны	маалымат жок	560
R.03 – PhD программа жана аспирантура боюнча окуудан чыгып кеткен студенттердин саны	маалымат жок	500

0.1.2 Кадрларды тандоодо жана карьералык өсүштө илимий эмгектердин таанылышын бекемдөө Саясатка көзөмөл жүргүзүү: ректор	ОшМУда иштөө: 1. Кесипкөй адистерге дем берүү; 2. Гендердик теңчилик; 3. Кесиптик жамаатты өнүктүрүү: 4. Санарип трансформация.

ИНДИКАТОРЛОР	2020	2022
R.04 – Жаңы келген кызматкерлердин жалпы санынын ичинен сынактык долбоорлорго жооптуу жаңы кызматкерлердин саны	маалымат жок	17%
R.05 – VRA[1] көрсөткүчү ортодон жогору болгон кызматкерлерди кайрадан кабыл алуу пайызы	маалымат жок	70%-80%

0.1.3 Изилдөөлөрдүн сапатын жана өндүрүмдүүлүктү жакшыртуу Саясатты көзөмөлдөө: илимий иштер боюнча проректор	Изилдөөлөр жана инновация: 1. Келечектүү изилдөөлөрдү илгерилетүү; 2. Изилдөөлөр үчүн эл аралык фондддорду тартуу. Эл аралык кызматташтык:

[1] Илимий изилдөөлөргө баа берүү

1. Изилдөө программаларын мазмуну жана илимий чөйрөсү боюнча интернационалдаштыруу

ИНДИКАТОРЛОР	2020	2022
R.06 – Биздин басылмалардын бир индексте таралышын VQR (библиометриялык булак) продуктуларынын жалпы санына салыштыруу	маалымат жок	70%
R.07 a) VRA критерийлерине ылайык А тобундагы басылмалардын пайызы	маалымат жок	51%
b) VRAга берилген VRA илимий тармагында уруксат берилген басылмалардын жарыяланган саны (библиометриялык эмес булактар)	маалымат жок	80%

O.1.4 Изилдөө жүргүзүү үчүн зарыл болгон инфраструктураны чыңдоо

Саясатты көзөмөлдөө: курулуш жана экологиялык туруктуулук боюнча ишенимдүү адам

Курулуш:
1. ИКТ инфраструктура;
2. Инфраструктура жана изилдөөлөр үчүн инструменттер.
3. Санарип трансформация.

ИНДИКАТОРЛОР	2020	2022
R.08 – Жаңы изилдөөчү аянттарды түзүү	маалымат жок	Каралууда

0.2 ДОЛБООРДУК ИШ

O.2 Улуттук жана эл аралык контекстте илимий долбоорлорду колдоо

Объекттер	Иш-чаралар
O.2.1. Кызматташуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана улуттук жана эл аралык булактардан изилдөө иштерин каржылоону тартуу. Саясатты көзөмөлдөө: илимий иштер боюнча проректор	Кесипкөй коомчулукка дем берүү Эл аралык кызматташтык: 1. Эл аралык түйүндөр; 2. Эл аралык долбоолор; 3. Кынтыксыз изилдөө.

ИНДИКАТОРЛОР	2020	2022
P.09 – Долбоордук иштерди улуттук жана эл аралык колдоо	маалымат жок	Каралууда

O.2.2 Дисциплиналар аралык компетенттүүлүктү тартуу жана университеттин эл аралык кадыр-баркын көтөрүү менен кафедралардын стратегиялык долбоордук ишин иштеп чыгуу.

Саясатты көзөмөлдөө: ректор

Изилдөөлөр жана инновация:
1. Ведомстволук стратегиялык багыттар;
2. Кесипкөй коомчулукту өнүктүрүү;
3. Депозиттен жана башка булактардан түшкөн кирешелердин эсебинен долбоорлорду каржылоону колдоочу "Изилдөө жана инновация" коомдук фондун түзүү.

ИНДИКАТОРЫ	2020	2022
P.09 – Программалык демилгелердин даражасы	маалымат жок	Каралууда

O.2.3 Ачык илимдин өнүгүшүнө көмөктөшүү

Саясатты көзөмөлдөө: ректор жана илимий иштер боюнча проректор

Санарип трансформация:
1. Маалыматтардын болушу жана жеткиликтүүлүгү;
2. Ачык илим.

ИНДИКАТОРЛОР	2020	2022

P.11 – Тиешелүү иш-аракеттердин натыйжасында жетишкен прогресстер	маалымат жок	Каралууда
P.12 – Ачык булактарга чыккан басылмалардын пайызы	маалымат жок	30%

0.3 ОКУТУУ САПАТЫ

O.3 Адамдардын жана коомдун талаптарын эске алуу менен программалардын каталогунда сапатты жана инновацияны жайылтуу

Объекттер	Иш-чаралар
O.3.1 Бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусуна жардам берүү үчүн билим берүү программалары аркылуу компетенттүүлүктү өркүндөтүү Саясатты көзөмөлдөө: Өнүгүү жана инвестициялар боюнча ишенимдүү адам	Ишкерлик: 1. Ишкерлик идеялар жана командалык окуулар; 2. "Изилдөө жана инновация" коомдук фондунун каражаттарынан студенттердин бизнес ишин баштоого каражат бөлүү; Эл аралык кызматташтык Социалдык катышуу Бүтүрүүчүлөр

ИНДИКАТОРЛОР	2020	2022
F.01 – Дисциплиналар аралык компетенция боюнча курстарга барган студенттердин саны	маалымат жок	2000
F. 02 фокус – иш менен камсыз болуу/1/3/5 жылдан кийин ишсиз калуу	маалымат жок	Маалымат жок
F. 03-окуу боюнча стажировка өткөн бүтүрүүчүлөрдүн пайызы	маалымат жок	40%

O.3.2 Баа берүү процедураларын так сактоо менен студенттик карьеранын өз убагында өрчүшүнө көмөктөшүү Саясатты көзөмөлдөө: окуу иштери боюнча проректор	Жогорку билим алуу укугу: 1. Университетте жашоо шарттарын жакшыртуу жана санариптик кабыл алуу кызматтарынын спектрин кеңейтүү: Сабак берүү Студенттик жамаат: 1. Инклюзивдүү университет түзүү; 2. Китепканадагы кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу; 3. Студенттин жумушка орношуусуна колдоо көрсөтүү.

ИНДИКАТОРЛОР	2020	2022
F.04 – Туруктуу жумушу бар бүтүрүүчүлөр (N жыл)	маалымат жок	50%
F. 05- 1-курста жетишкен ECTS 39дан ашкан, окуусун уланткан студенттер	маалымат жок	>70%

O.3.3 Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана инновациялык ыкмаларды колдонуу аркылуу окутуунун сапатын жогорулатуу Саясатты көзөмөлдөө: окуу иши боюнча проректор	Курулуш: 1. «Билим» лицейи; 2. «Ыйман» гимназиясы; 3. «Курманжан датка» кампусунун китепканасы; 4. Москва мамлекеттик университетинин филиалы; 5. Индустриалдык-педагогикалык колледждин имаратын оңдоо; 6. Жаңы "STEM" инновациялык колледжинин имаратын оңдоо. Мугалимдерди жана илимий кызматкерлерди даярдоо: 1. Дисциплиналар аралык компетенция;

2. ISO 9000 Стандарты :2015;
3. Санарип технологияларды колдонуу.

Окутуу:

1. Студент менен борбордун ортосунда окуу процессин түзүү;
2. Жогорку окуу жайдан соң билим берүүнү жайылтуу.

Билим берүүдөгу санарип трансформация:

1. Аудиторияда окууга арналган санарип-тик интегралдык тутумдар;
2. Аралыктан өз ара аракеттенүү үчүн жаңы платформалар.

ИНДИКАТОРЛОР	2020	2022
F. 06- Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу сабактарына катышуучулардын саны	маалымат жок	500
F.07 Студентердин окууга канааттануусу - студенттердин ой-пикирин сурамжылоо	маалымат жок	78%

